# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2017-жылдын 13-июлу № 430*

## "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө жобону, Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-апрелиндеги № 186 токтомунун редакциясына ылайык)*

Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо үчүн шарттарды түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 51-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын ишин уюштурууну өркүндөтүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы № 365 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө жобо, 1-тиркемеге ылайык;

- Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобо, 2-тиркемеге ылайык.

*2. (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-апрелиндеги № 186 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

*3. (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-апрелиндеги № 186 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргызтест" системасынын ишин өз убагында каржылоону камсыздасын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2017-жылдын 21-июлундагы N 83 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С.Жээнбеков**

1-тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы № 430 токтомуна)*

# "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы № 331 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоонун бирдиктүү системасынын (мындан ары - "Кыргызтест" системасы) негизги максаттарын, милдеттерин, эрежелерин жана принциптерин аныктайт.

2. "Кыргызтест" системасы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет элдик жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин милдеттүү түрдө билүү деңгээлдерине жана көлөмүнө ылайык элементардык (А1), базалык (А2), ортоңку (В1), ортодон жогору (В2) жана жогорку (С1) деңгээлдери боюнча жүргүзүлөт.

3. Тест тапшырмалары "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси аныктаган тартипте квалификациялуу филолог-адистер тарабынан иштелип чыгат.

4. Тестирлөө жыйынтыгынын протоколдору "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин архивинде электрондук түрдө жана кагаз вариантында "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.

## 2-глава. Максаты жана милдеттери

5. Тестирлөөнүн максаты болуп тестке катышуучулардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин калыс жана ачык аныктоо саналат.

6. "Кыргызтест" системасынын милдеттери төмөнкүлөр:

- мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо жагында "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын ишке ашырылышын камсыздоо;

- "Кыргызтест" системасын кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары иштөөсүнө жана өнүгүүсүнө мүмкүндүк берүүчү бирдиктүү инструмент катары түзүү жана ишке киргизүү;

- тестирлөө процессин заманбап маалыматтык-техникалык каражаттар менен камсыздоо жана методикалык окуу куралдары, иштелмелер менен коштоо.

## 3-глава. Тестирлөөнүн принциптери

7. Тестирлөөдө "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери төмөнкү принциптерди жетекчиликке алат:

- баалоонун илимий негизделген, стандартташтырылган жана технологиялык жактан өнүккөн каражаттарын колдонуу;

- тест тапшырмаларынын жашыруундугун бекем сактоону камсыздоо;

- тестирлөө процессинде ачык-айкындуулукту, системалуулукту, объективдүүлүктү жана тартипти камсыздоо;

- тестирлөө жүргүзүлгөн жерлерде тиешелүү шарттарды камсыздоо;

- тест тапшыруучуга тестирлөөнүн шарттары жөнүндө толук маалымат берүү.

## 4-глава. Тестирлөөнүн тартиби

8. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси "Кыргызтест" системасы боюнча төмөнкүдөй ыкмалар менен аныктайт:

- компьютердик тест;

- интернет-ресурс аркылуу онлайн режиминдеги тест;

- компьютер (интернет-ресурс) менен тестирлөө мүмкүндүгү болбогон учурда бланктык (кагаз түрүндө) тест.

9. "Кыргызтест" системасы боюнча мамлекеттик тилди билүү деңгээли төмөнкүдөй субтесттер аркылуу аныкталат:

1) "Лексика. Грамматика";

2) "Угуу";

3) "Окуу";

4) "Жазуу";

5) "Сүйлөө".

10. "Лексика. Грамматика", "Угуу" жана "Окуу" субтесттеринин жыйынтыктары компьютер программасы аркылуу бааланат.

"Жазуу" жана "Сүйлөө" субтесттери квалификациялуу филолог-адистер тарабынан бааланат.

11. Тестирлөө 2 этап менен өткөрүлөт:

- 1-этап: каттоо, идентификациялык код алуу, видеонускаманы көрүү жана тестирлөөдөн өтүү эрежелери менен таанышуу;

- 2-этап: тесттен өтүү жана жыйынтыгын алуу.

12. "Кыргызтест" системасы боюнча тестирлөөнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй чыгарылат:

- тест тапшыруучу ушул Жобонун 9-пунктунда аталган субтесттердин ар бири боюнча 60 пайыз жана андан жогору балл топтосо, мамлекеттик тилди билүү деңгээли жөнүндө белгиленген үлгүдөгү сертификат (A1, A2, B1, B2 же C1) берилет;

- тест тапшыруучу ушул Жобонун 9-пунктунда аталган субтесттердин биринен 60 пайыздан төмөн балл топтосо, субтесттер боюнча топтолгон баллды көрсөтүү менен маалым кат берилет;

- кагаз түрүндө берилген жыйынтык "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлөт;

- тестирлөөнүн жыйынтыгы "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин www.kyrgyztest.gov.kg. веб-сайтына жайгаштырылат.

13. Белгиленген үлгүдөгү сертификат жана тесттин жыйынтыгы жазылган маалым кат "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан берилет.

14. Сертификаттын үлгүсүн "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси бекитет.

Сертификаттын жарактуулугу - мөөнөтсүз.

Маалым кат 2 жылга жарактуу жана тестти кайра тапшырууда көрсөтүлүшү мүмкүн.

15. Эгерде тест тапшыруучу тестирлөөнүн жыйынтыгы менен макул болбосо, ал тесттен өткөндүгү жөнүндө маалым кат алган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде тесттин жыйынтыгын кайра кароо үчүн апелляциялык комиссияга кайрылууга укуктуу.

Аппеляциялык комиссиянын курамы жана иштөө тартиби "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин чечими менен аныкталат. Мында комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын бир өкүлү киргизилет.

Апелляциялык комиссия тест тапшыруучунун арызын аны берген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде карайт.

Эгерде апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыгын карагандан кийин оң чечим чыгарса, тест тапшыруучуга "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин белгиленген үлгүдөгү сертификаты берилет.

Эгерде апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыгын карагандан кийин терс чечим чыгарса, тест тапшыруучуга тестирлөөнүн жыйынтыгы менен "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин маалым каты берилет.

16. "Кыргызтест" системасынын кийинки деңгээлине өтүү үчүн тест тапшыруу укугуна чек коюлбайт.

17. Тестирлөөнүн эрежелери "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан белгиленет.

Тест тапшыруучу тестирлөөнүн эрежелерин бузса, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери тарабынан тестирлөөнүн эрежелерин бузгандыгы жөнүндө акт түзүлүп, аны тест тапшыруудан четтетүү жана тесттин жыйынтыгын жокко чыгаруу боюнча чаралар көрүлөт.

"Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан аныкталган тестирлөө эрежелерин бузуу тест тапшыруучуну тестирлөөдөн четтетүүгө жана тесттин жыйынтыгын жокко чыгарууга себеп болуп саналат.

18. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган айрым маселелер "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин актылары аркылуу жөнгө салынат.

## 5-глава. "Кыргызтест" системасын каржылоо

19. "Кыргызтест" системасы төмөнкүлөрдүн эсебинен каржыланат:

- республикалык бюджеттин;
- тартылган гранттык каражаттардын;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардын.

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2017-жылдын 13-июлундагы
№ 430 токтому менен
бекитилген

# Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө ЖОБО

## 1-глава. Мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдардын өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобо "Кыргызтест" системасынын төмөнкү деңгээлдеринен турат:

- элементардык деңгээл (A1);
- базалык деңгээл (A2);
- орто деңгээл (B1);
- ортодон жогору деңгээл (B2);
- жогорку деңгээл (C1).

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобо "Кыргызтест" системасынын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоочу бирдиктүү каражат болуп эсептелет.

## 2-глава. Элементардык деңгээл (A1)

3. Элементардык деңгээлде (A1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар күнүмдүк-тиричиликтик жана социалдык-маданий чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде элементардык коммуникативдик байланышты түзө билүүгө тийиш.

4. Элементардык деңгээлдин (A1) лексикалык минимуму ушул деңгээл үчүн тематикалык жана интенциалдык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган 900 сөз бирдигин жана негизги этикеттик сөз айкалыштарын камтыйт.

5. Элементардык деңгээлде (A1) төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр ишке ашырылат:

- лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;
- чакан көлөмдөгү текстти же билдирүүнү окуп, жалпы маанисин түшүнө билүү;
- чакан көлөмдө так жана жай айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн жалпы маанисин түшүнө билүү;
- кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн оозеки түрдө айта билүү.

"Кыргызтест" системасынын элементардык деңгээлинин (A1) сертификаты A2 деңгээлинде окууну улантуу үчүн мамлекеттик тил боюнча билим деңгээли жетиштүү жана зарыл болгон көлөмдө экендигин айгинелейт.

## 3-глава. Базалык деңгээл (A2)

6. Базалык деңгээлде (А2) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар күнүмдүк-тиричиликтик, социалдык-маданий, окуу жана кесиптик чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде базалык коммуникативдик байланышты түзө билүүгө тийиш.

7. Базалык деңгээлдин лексикалык минимуму ушул деңгээлдин тематикалык жана интенциалдык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган 1300 активдүү сөз бирдигин жана негизги этикеттик сөз айкалыштарын камтыйт.

8. Базалык деңгээлде төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр ишке ашырылат:

- лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

- чакан көлөмдөгү текстти же билдирүүнү окуп, жалпы маанисин түшүнө билүү;

- чакан көлөмдө так жана жай айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн жалпы маанисин түшүнө билүү;

- кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн оозеки түрдө айта билүү.

9. "Кыргызтест" системасынын базалык деңгээлинин (А2) сертификаты В1 деңгээлинде окууну улантуу үчүн мамлекеттик тил боюнча билим деңгээли жетиштүү жана зарыл болгон көлөмдө экендигин жана тилди кесиптик сүйлөшүү каражаты катары билгендигин айгинелейт.

## 4-глава. Орто деңгээл (В1)

10. Орто деңгээлде (В1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар күнүмдүк-тиричиликтик, социалдык-маданий жана көбүнчө окуу жана кесиптик чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде негизги коммуникативдик байланышты түзө билүүгө тийиш.

11. Орто деңгээлдин лексикалык минимуму ушул деңгээлдин тематикалык жана интенциалдык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган 3000 активдүү сөз бирдигин жана негизги этикеттик сөз айкалыштарын камтыйт.

12. Орто деңгээлде төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр толук көлөмдө ишке ашырылат:

- лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

- ушул деңгээлге ылайык келген текстти же билдирүүнү окуп, негизги маанисин түшүнө билүү;

- чакан көлөмдө так жана жай айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн негизги маанисин түшүнө билүү;

- кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий жана расмий эмес стилде оозеки түрдө айта билүү.

13. Мамлекеттик тил боюнча "Кыргызтест" системасынын орто деңгээлинин (В1) сертификаты кызматтык ишти аткаруу үчүн билим деңгээли жетиштүү жана зарыл болгон көлөмдө экендигин айгинелейт.

## 5-глава. Ортодон жогору деңгээл (В2)

14. Ортодон жогору деңгээлде (В2) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар ушул деңгээлге жараша кырдаалдарда жана чөйрөлөрдө, б.а. күнүмдүк-тиричиликтик, социалдык-маданий, окуу жана кесиптик (расмий-ишкер) чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде коммуникативдик байланышты түзө билүүгө тийиш.

15. Ортодон жогору деңгээлдин (В2) лексикалык минимуму ушул деңгээлдин тематикалык жана интенциалдык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган 6000 активдүү сөз бирдигин жана этикеттик сөз айкалыштарын камтыйт.

16. Ортодон жогору деңгээлде төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр толук көлөмдө ишке ашырылат:

- лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

- түрдүү жанрдагы текстти же билдирүүнү окуп, негизги жана көмүскөдө берилген (имплициттик) маалыматты түшүнө билүү;

- чакан көлөмдө айтылган же окулган аудиотексттин негизги маанисин түшүнө билүү;

- кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий стилде оозеки түрдө айта билүү.

17. Ортодон жогору деңгээлде кырдаалга жана сүйлөгөн адамдын иш чөйрөсүнө жараша оозеки же жазуу жүзүндө таасир калтыруучу мүнөздөгү кайрылуулар менен эл алдында даярдыгы жок сүйлөй билүү деңгээли ишке ашырылат.

18. Мамлекеттик тил боюнча "Кыргызтест" системасынын ортодон жогору деңгээлинин (В2) сертификаты кызматтык ишти аткаруу үчүн баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө коммуникативдик компетенциянын кыйла бийик деңгээлде экендигин айгинелейт.

## 6-глава. Жогорку деңгээл (С1)

19. Жогорку деңгээлде (С1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар ушул деңгээлге жараша баардык кырдаалдарда жана чөйрөлөрдө, б.а. күнүмдүк-тиричиликтик, социалдык-маданий, окуу жана расмий-ишкер чөйрөлөрдө мамлекеттик тилде жогорку деңгээлде коммуникативдик байланышты түзө билүүгө тийиш.

20. Жогорку деңгээлдин лексикалык минимуму ушул деңгээлдин тематикалык жана интенциалдык минимумдарынын алкагында сүйлөшүүнү камсыз кылган 9000 активдүү сөз бирдигин жана этикеттик сөз айкалыштарын камтыйт.

21. Жогорку деңгээлде төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр толук көлөмдө ишке ашырылат:

- лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

- түрдүү жанрдагы көлөмдүү текстти окуп, негизги жана көмүскөдө берилген (имплициттик) маалыматты түшүнө билүү;

- табигый ылдамдыкта айтылган оозеки кепти түшүнө билүү;

- кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий жана расмий эмес стилде оозеки түрдө айта билүү.

22. Жогорку деңгээлде (С1) кырдаалга жана сүйлөгөн адамдын иш чөйрөсүнө жараша оозеки же жазуу жүзүндө таасир калтыруучу мүнөздөгү кайрылуулар менен эл алдында даярдыгы жок сүйлөй билүү деңгээли ишке ашырылат.

23. Мамлекеттик тил боюнча "Кыргызтест" системасынын жогорку деңгээлинин (С1) сертификаты кызматтык ишти жогорку деңгээлде аткаруу үчүн баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө коммуникативдик компетенциянын жогорку деңгээлде экендигин айгинелейт.